Финансылык сабаттуулук




*Адамдын финансылык сабаттуулугу анын бакубат жашоосун аныктайт. Андыктан, заманга жараша өзгөрүүлөрдү жана жаңылыктарды билүү менен гана чектелбестен, аны күнүмдүк турмушта колдонуу аркылуу жашоону жеңилдетүү абзел.*

*Антпесе, акыркы 5-10 жылдагы ачуу тажрыйба көрсөткөндөй, биздин адамдардын көбү мына ушундай финансылык сабаттуулуктан аксап жатышат. Натыйжада канчалаган адамдар финансы уюмдарынан кредиттерди алуу менен кийин аларды кандайча төлөп берүү жөнүндө ойлонуп да коюшпайт, же аларды төлөө үчүн канчалык киреше табууну алдын-ала эсептей алышпайт. Мында кыргыздын "аман болсом, бара көрөмүн" деген принциби үстөмдүк кылат. Андай мамиле акырында ансыз да бай эмес адамдардын финансылык туңгуюкка кептелүүсүнө алып келет.*

*Ошондон улам Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы калктын финансылык сабаттуулугун жогорулатуу максатында чекене төлөм кызматтары жана жана аларды колдонуунун артыкчылыктары тууралуу калкка түшүндүрүү жасоону чечти. Өлкөдөгү чекене төлөмдөрдү кайда, кандай шарттарда пайдаланса болот? Чекене төлөм системаларын калк арасында кеңири жайылтуу экономикага кандай таасир тийгизет? Бул суроолорго УБнын Төлөм системалары башкармалыгынын төлөм системасынын ишин анализдөө жана өнүктүрүү бөлүмүнүн жетектөөчү адиси Салтанат ИБРАГИМОВА түшүндүрмө берди.*



# ЧЕКЕНЕ ТӨЛӨМ КЫЗМАТТАРЫ ЖАШООҢУЗДУ ЖЕҢИЛДЕТЕТ

## Төлөмдөрдүн түрлөрүн биле жүрүңүз

Кыргыз Республикасында банк секторун өнүктүрүүнүн эң маанилүү милдеттеринин бири болуп калктын акча каражаттарын топтоо саналат. Анткени, ал каражаттар андан ары өлкөнүн экономикасынын реалдуу секторун инвестициялоо жана кредиттөө үчүн зарыл. Бул - өнүккөн рынок экономикасы бар өлкөлөрдүн бардыгында кеңири колдонулуучу механизм. Биздин өлкөдөгүдөй мамлекеттин карамагындагы финансылык каражаттар жетишсиз учурда гана эмес, өнүккөн өлкөлөрдө да калктын финансылык потенциалын ар кандай рыноктук мындай механизмдерди колдонуу менен пайдалануу рынок экономикасындагы мыйзам ченемдүү көрүнүш.

Бул маселени чечүү үчүн банктар сунуш кылынуучу төлөм кызматтарынын сапатын жана ассортиментин үзгүлтүксүз жогорулатууга тийиш, ал жыйынтыгында келип калктын банк жана төлөм системаларына ишениминин жогорулашына алып келмекчи.

Которулуучу суммаларга жараша төлөмдөрдүн эки түрүн ажыратып жүрүшөт. Биринчи түрү – бул мөөнөттүү төлөмдөр, аларга Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн жана Улуттук банктын төлөмдөрү, ошондой эле ири финансы уюмдарынын, негизинен коммерциялык банктардын ортосундагы же финансы рыногунун катышуучуларынын ортосундагы төлөмдөр кирет. Мындай төлөмдөр токтоосуз эсептешүүнү талап кылат. Кыска убакытта төлөнүүгө тийиш болгон калктын төлөмдөрү да мөөнөттүү төлөмдөргө кире алат.

Төлөмдөрдүн экинчи түрү – чекене төлөмдөр – бул анча чоң эмес суммалардагы төлөмдөр, алар негизинен үзгүлтүксүз чарбалык же керектөөчүлүк төлөмдөр болуп саналышат. Аларга ишканалардын, уюмдардын, чакан бизнестин төлөмдөрү, калк тарабынан кызмат көрсөтүүлөргө жана башка кызматтарга акы төлөө, салыктарды жана жыйымдарды төлөө, мамлекеттик мекемелер тарабынан эмгек акыларды, пенсияларды жана жөлөкпулдарды ж.б. төлөөлөр кирет. Чекене төлөмдөр накталай да, накталай эмес да формада жүзөгө ашырыла алат. Биздин өлкөдө финансылык ортомчулар тарабынан сунушталып жаткан чекене финансылык кызматтардын кеңири тизмеси бар. Алардын ичинде – акы төлөө-эсептешүү кызматтары жана акча каражаттарын которуу боюнча кызматтар.



## Төлөм операцияларын жасоого ким укуктуу?

Төлөмдөрдү жүргүзүү боюнча финансы кызматтарын көрсөтүшкөн уюмдар эки чоң топтон турушат - финансы-кредиттик мекемелерден (коммерциялык банктардан) жана коммерциялык банктарга кирбеген уюмдардан турат. Коммерциялык банктар Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы тарабынан берилүүчү күбөлүктөрдүн (лицензиялардын) негизинде аракеттенишет жана банктык операцияларды жүргүзүшөт. Коммерциялык банктарга кирбеген уюмдарга коммерциялык банктардын агенттери, почта бөлүмдөрү, төлөм уюмдары, төлөм системаларынын операторлору, мобилдик байланыш операторлору, ошондой эле акча которуулардын эл аралык жана улуттук системалары кирет.

Айрым төлөм кызматтарын төлөм агенттери жана субагенттери да жүзөгө ашыра алышат. Булар үчүнчү жактардын пайдасына калктын төлөмдөрүн кабыл алышкан юридикалык жактар же жеке ишкерлер. Биздин өлкөдө булар – негизинен товарларга жана кызматтарга, анын ичинде коммуналдык кызматтарга ал товарлар менен кызматтарды берүүчүлөр үчүн төлөмдөрдү кабыл алууну жүзөгө ашырышкан моменталдуу төлөмдөр системасынын операторлору.

## Накталай эмес төлөм жасоонун артыкчылыктары

Бүгүнкү күндө накталай эмес төлөмдөр электрондук же кагаз формасында жүзөгө ашырыла алат.

Эң көп жайылган чекене төлөм кызматтары болуп документтик жана документтик эмес формалардын негизиндеги төлөм кызматтары саналат:

- документтик формалар жөнүндө айтсак, аларга төлөм документин (эреже катарында төлөм тапшыруусун) пайдалануу менен акча которуу кошула алат. Ошондой эле мындай учурда төлөм талаптары, инкассалык тапшыруулар, чектер, аккредитивдер ж.б. пайдаланыла алат, башкача айтканда, булар тийиштүү төлөм документин алдын-ала тариздөөнү талап кылган төлөмдөр;

- документсиз формаларга төлөм документин алдын-ала тариздөөнү талап кылбаган төлөмдөр тиешелүү. Булар төлөм карттарын, электрондук акчаларды пайдалануу менен төлөмдөр, төлөм терминалдарын пайдалануу менен жасалган төлөмдөр. Интернет аркылуу, мобилдик телефонду пайдалануу менен төлөмдөрдү жүргүзсө да болот.




Чекене төлөм кызматтарын пайдаланууда артыкчылык да көп учурда тигил же бул төлөөчүнүн жаш курак өзгөчөлүктөрү менен шартталат. Эгерде пенсионерлер жөнүндө айтсак, алар салттуу түрдө пенсияларды жана жөлөкпулдарды почта бөлүмдөрү аркылуу алышкандыктан, коммуналдык кызматтар үчүн төлөмдөрдү жасоодо почта кызматынан пайдалана алышат. Ошол эле учурда жашыраак муундагылар төлөм терминалдары, моменталдуу төлөм операторлору аркылуу, төлөм карттарынан пайдалануу менен төлөм жүргүзүүнү артык көрүшөт. Юридикалык жактар адатта, коммерциялык банкта эсептешүү эсебине ээ жана төлөмдү накталай эмес формада төлөмдөрдүн документтик формасын пайдалануу менен жүргүзүшөт.

Бүгүнкү күндө Кыргыз Республикасында чекене төлөмдөрдү жүргүзүүдө:

- товарлар жана кызматтар үчүн акы төлөөнүн накталай же накталай эмес формада төлөө мүмкүнчүлүгү бар,
- жаңы технологияларды пайдалануу жолу менен калк жана соода түйүндөрү үчүн банк кызматтарын берүүнүн сапатын жакшыртуу байкалууда,
- күн-түнү негизде накталай эмес формада чекене төлөмдөрдү жүзөгө ашыруу үчүн программалык-техникалык инфраструктура өнүктүрүлүүдө.

Өнүгүүнүн учурдагы процесси жакынкы мезгилде төлөм кызматтары төмөнкүдөй болуп калуусун күтүүгө боло тургандыгын көрсөтүүдө:

- төлөмдөрдү жөнөтүүдө жана алууда көбүрөөк ыңгайлуу жана жөнөкөй;
- арзаныраак;
- коопсузураак.

Андан тышкары, төлөм кызматтары кардарлардын бизнесине жана анын өндүрүштүк процесстерине көбүрөөк ыңгайлашкан.

Азыркы учурда төлөм кызматтарын берүү боюнча куралдарды жана технологияларды өнүктүрүү келечегин шарттуу түрдө төмөнкү түрлөр боюнча классификациялоого мүмкүн:

- эсептешүүлөрдүн документтик формаларынын алкактарында берилүүчү төлөм кызматтары;
- төлөм карттары менен эсептешүүлөрдү жүзөгө ашыруудагы кызматтар;
- мобилдик төлөм кызматтары;
- электрондук акчалар системаларындагы төлөм кызматтары.

Төлөм кызматтарын бул көрсөтүлгөн ажырымдоо өтө шарттуу болуп саналаарына көңүл буруп коюу зарыл. Ар кандай төлөм системалары функцияларын жүргүзгөн реалдуу чөйрөдө төлөм-эсептешүү операцияларын жүзөгө ашыруу куралдары жана каражаттары бири-бирине табигый толуктоо боло алат.

Маалыматтык технологиялардын тез өнүгүүсү төлөм индустриясына олуттуу таасир этүүгө ээ. Жакынкы жылдарда мобилдүү телефондорду жана электрондук акчаларды пайдалануу менен чекене төлөмдөрдү жүзөгө ашыруу тажрыйбасынын кеңири таралуусу күтүлүүдө.

**Даярдаган Мырзакат ТЫНАЛИЕВ,**
**"Кыргыз Туусу"**